**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**
**ЭКОНОМИКА ЖАНА ФИНАНСЫ ИНСТИТУТУ**
720033, Бишкек шаары,
Тоголок Молдо көчөсү № 60А
Тел.: (0-312) 32-49-69
Электрондук адрес:edu.ief@mail.ru

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**ИНСТИТУТ ЭКОНОМИКИ И ФИНАНСОВ**
720033, г.Бишкек
ул. Тоголока Молдо № 60А
Тел.: (0-312) 32-49-69
Электронный адрес:edu.ief@mail.ru

Бишкек ш.

№ ______________ «_____»__________________2026ж.

**Кыргыз Республикасынын**
**Илим, жогорку билим берүү жана**
**инновация министрлиги**

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин тапшырмасын аткаруу алкагында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2026-жылдын 19-мартындагы №17473 каты жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин протоколдук чечимдерине ылайык, Ысык-Көлдүн экологиялык абалын жакшыртуу, аны сактоо жана коргоо маселелери боюнча түшүндүрүү иштерин күчөтүү, ошондой эле бардык деңгээлдеги билим берүү программаларына тиешелүү мазмундарды киргизүү зарылдыгы белгиленген.

Бул багытта Экономика жана финансы институтунда тиешелүү иштер пландуу негизде жүргүзүлүп келет. Окуу процессинин алкагында “Экология”, “Кыргызстандын географиясы” жана башка дисциплиналар аркылуу студенттерге Ысык-Көл облусунун табигый өзгөчөлүктөрү, экологиялык абалы жана аны жакшыртуунун мүмкүн болгон жолдору тууралуу маалыматтар берилүүдө.

Мындан тышкары, институт тарабынан экологиялык аң-сезимди калыптандырууга багытталган маалыматтык материалдар, анын ичинде буклеттер жана социалдык видеоролик даярдалып, жайылтылууда. Бул иш-чаралар жаштардын жаратылышка болгон жоопкерчиликтүү мамилесин арттырууга багытталган.

Кошумча катары, “Экология” жана “Кыргызстандын географиясы” дисциплиналары боюнча доцент, география илимдеринин кандидаты Молдобачаева Айнура Дүйшенбековна тарабынан Ысык-Көл облусунун суу ресурстары, мөңгүлөрү жана аларды сактоо маселелери боюнча конок лекциясы уюштурулууда.

**ЭжФИнин ректору,**
**э.и.д., профессор** **А. Сарыбаев**

Атк.: Эсенгулова С.А.
+996 502 802 540

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН